КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 1262/1 2018 жылдын «10» октября

**Билим берүү уюмдарын жана**
**программаларын аккредитациялоо**
**боюнча актыларды бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Негизги жана/же жалпы орто, баштапкы жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун тартибин жана Негизги жана/же орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды бекитүү жөнүндөгү" 2017-жылдын 16-июнундагы №381 токтомунун негизинде 2017-2018 - окуу жылында жүргүзүлгөн аккредитациялоонун жыйынтыктарын анализдөөнүн натыйжасында кайрадан иштелип чыккан методикалык материалдарды бекитүү максатында ***буйрук кылам:***

1. Төмөнкүлөр жаңы редакцияда бекитилсин:
   - негизги жана орто жалпы билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоодон өткөрүү боюнча колдонмо 1-тиркемеге ылайык;
   - башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоодон өткөрүү боюнча колдонмо 2- тиркемеге ылайык.
2. Бул буйруктун 1- пунктунда көрсөтүлгөн билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары ыйгарым укуктуу орган тарабынан аккредитациялоодон өтүүдө сөзсүз түрдө жогорку Колдонмолорго таянышсын.
3. Министрдин орун басарлары Джусупбекова Н.С. жана Кожобеков К.Г. бул буйруктун 1-пунктагы Колдонмолорду кыргыз тилине которууга жана тираждоого каражат булактарын издешсин.
4. Лицензиялоо жана аккредитациялоо боюнча башкармалык (Г.Э. Сарбагышева):

- бул буйрук менен бекитилген Колдонмолорду Билим берүү жана илим министрлигинин сайтына мамлекеттик жана расмий тилдерде жайгаштырсын;

- мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарын бир экземпляр тиешелүү Колдонмо менен камсыз кылсын;

- буйрук чыккан күндөн тартып аккредитациялоо боюнча системалуу негизде түшүндүрмө иштерин жүргүзсүн.

5. Бул буйрук кол коюлгандан тартып күчүнө кирет.

6. Билим берүү жана илим министрлигинин 2018-жылдын 21-февралындагы №215/1 буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

7. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Лицензиялоо жана аккредитациялоо башкармалыгына (Г.Э. Сарбагышевага) тапшырылсын.

**Министр** **Г.К. Кудайбердиева**

Б. Акулова, 66-22-87
С. Умралиева, 66-15-08